№ 2675-ФХД/22 04.07.2022

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**БУЙРУК**

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2022-жылдын 30-июнундагы № 9 протокол) «ОшМУда дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окутууда электрондук билим берүүгө өтүү боюнча аткарылып жаткан иштер» деп аталган № 1 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам**:

1. «ОшМУда дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окутууда электрондук билим берүүгө өтүү боюнча аткарылып жаткан иштер» деген маселе боюнча сырттан окуу жана дистанттык билим берүү боюнча проректор, биология илимдеринин доктору, профессор Т.Т. Жумабаеванын билдирүүсү эске алынсын.
2. Электрондук билим берүү системасын түзүүгө зарыл болгон укуктук-нормативдик документтерди даярдоо, материалдык-техникалык, электрондук окуу ресурстарын көбөйтүү, окуу-усулдук, программалык-камсыздоочу базаны түзүүгө тиешелүү каржы бөлүштүрүү менен колдоо көрсөтүү улантылсын.
3. AVN информациялык системасынын (ИС) мүмкүнчүлүктөрүн дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окутууда колдонууну кеңейтүү декандарга, директорлорго милдеттендирилсин.
4. Студенттердин дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окуу же электрондук билим алуусун жеңилдетүү максатында:
- ар бир багыттагы предметтер боюнча окутуучулардын электрондук силлабусу, ОМКалары, билимин баалоо каражаттары, видеосабактарынын картотекасы түзүлсүн, ар бир окутуучунун жеке сайты түзүлсүн, экспертизадан өткөн видео лекциялары, лабораториялык сабактары «You Tube» каналына, AVN ИСга жайгаштырылсын;
- маалыматтык технологиялардын окуу процессин уюштурууда принципиалдуу жаңы мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу аркылуу студенттер менен кайтарым байланышты күчөтүү жана аралыктан баалоо жолдорун өздөштүрүүсүнө жетишүү кафедра башчыларына милдеттендирилсин.
5. Дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окутууда маалыматтык технологиялардын заманбап жаңы мүмкүнчүлүктөрүн электрондук билим берүүнүн ресурстарын түзүүгө колдонуу жана студенттер менен байланыш күчөтүүгө, билим берүү сапатын көтөрүүгө жетишүү тиешелүү кафедра башчыларына милдеттендирилсин.
6. Жалпы университетте электрондук билим берүү системасына өтүүнүн перспективалуу багыты катары кафедраларда сырттан окууда электрондук билим берүүгө зарыл дидактикалык базаны түзүү, окуу-методикалык жумуштарды активдештирүү, илимий-изилдөө иштерин аткарууга тиешелүү базаны жаңылоо, окуу процессине заманбап билим берүүнүн, студенттердин билимин баалоонун жаңы технологияларын киргизүү декандарга, директорлорго милдеттендирилсин.
7. Дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окутууда электрондук билим берүүгө зарыл болгон окуу, окуу-усулдук материалдарынын НББП стандарттарына ылайык талаптарга жооп бере турган критерийлерди так иштеп чыгуу, сапаттуу экспертизадан өткөрүү аркылуу AVN ИСке жүктөө кафедра башчыларына милдеттендирилсин.

Документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

8. Университеттин чет өлкөлүк өнөктөш окуу жайлар менен электрондук билим берүү багытында кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү күчөтүлсүн.
9. Дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окутууда тиешелүү багыттарда, адистиктерде практикаларды өтөөнүн жолдорун иштеп чыгуу, эффективдүү жолу тандалып, ишканалар, мекеме, окуу жайлар менен аралыктан практика өтүүгө сунуштоо А. Батыралиевге, Т. Матикеевге милдеттендирилсин.
10. Бардык багыттар жана НББПлар боюнча электрондук окутуу формасын кийирүүгө зарыл болгон үйрөтүүчү программаларды, видеосабактарды, электрондук окуу китептерин, окуу комплекстерди (ОУК), тестирлөөчү материалдардын комплексин даярдоо, БКФ түзүү, кейс-технологиясына, (ИСО-9000) сапаттын талаптарына ылайык иштеп чыгуу, көбөйтүү, аларды окуу процессине кийирүү жумуштарын аткаруу кафедра башчыларына милдеттендирилсин.
11. Студенттерди электрондук окутуу формасына көнүктүрүү, электрондук библиотеканы, ИРБИС 64+ программасын колдонууну студенттерге үйрөтүү, керектүү адабияттарды издөө, табуу жана колдонуу мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү боюнча иш алып баруу жайылтуу кафедра башчыларына милдеттендирилүүсүн.
12. Дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүндө окуган студенттердин учурдук жетишүүсүн баалоодо (Kahoot, Google test, Miro ж.б.) жана аралык көзөмөлдөөнү, жыйынтыктоочу аттестацияларды ишке ашырууда ОшМУнун online proctoring программасын колдонуу декандарга директорлорго милдеттендирилсин.
13. Сырттан окууга абитуриенттерди кабыл алууда, экзамендерине каттоодо, студенттердин сабакка катышуусун аныктоодо учурда университетте күндүзгү бөлүмдө колдонуп жаткан QR код программасын кийирүү практикалансын жана аткаруу декандарга директорлорго милдеттендирилсин.
14. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө сырттан окуу жана дистанттык билим берүү боюнча проректору, биология илимдеринин доктору, профессор Т.Т. Жумабаевага жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021